"БЕКИТЕМИН"
Мектеп директору:
______ Нуркалиева Н.Б

# А.Осмонов атындагы орто мектебинин 2021-2026 окуу жылына чейинки мектептин өнүктүрүү стратегиялык планы.

**Мектептин миссиясы:**

1. Окуучулардын өмүрүнүн, ден соолугунун коопсуздугун камсыз кылуу,социалдык жана укуктук жактан коргоону жүзөгө ашыруу;
2. Ар бир окуучунун жеке мүмкүнчүлүгүнө жараша шык-жөндөмдүү өнүктүрүү аркылуу сапаттуу билим алууга жетишүү жана азыркы коомдо натыйжалуу окууга,иштөөгө жөндөмдүү,жашоодо өз ордун таба билген өнүккөн инсанды тарбиялоо.

**Мектепти өнүктүрүүдөгү максаттар:**

- Мектептин өнүктүрүү стратегиясын жана окуу-тарбия процессинин системалуулугун камсыздоо;
- Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу менен окуучулардын билим деңгээлин көтөрүү;
- Окутуунун ыкмаларын өнүктүрүү жана билим берүүнүн мазмунун тереңдетүү менен окуучуларды келечекте татыктуу инсан кылып даярдоо;
- Технологиялык каражаттарды пайдалануу менен окуу-тарбия процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу;
- Мектептин материалдык- техникалык базасын чыңдоо;

**Мектепти өнүктүрүүдөгү милдеттер :**

- Бирдиктүү билим берүүнүн натыйжалуу моделин түзүү;
- Сапаттуу билим берүү үчүн мыкты шарттарды түзүү;
- Окуучулардын чыгармачылык изденүүлөрүнүн системасын иштеп чыгуу;
- Окуучулардын мектеп турмушунда өзүн өзү башкаруу уюмун активдештирүү;
- Маалымат заманбап технологияларды колдонуунун натыйжасында мектеп жамаатынын жана окуучулардын чыгармачылык шык-жөндөмүн өркүндөтүү;
- Инновациялык жөндөмдөрүн маалымат булактарында чагылдыруу (газета,радио, вебсайт)
- Мектептеги билим берүүнүн көйгөйлөрүн чечүүдө коомдук уюмдардын жана коомчулуктун биримдигин түзүү;

**А.Осмонов атындагы орто мектебинин 2021-2026 окуу жылына чейинки мектептин өнүктүрүү стратегиялык планы**

| № | Милдеттер | Иш аракеттер | Күтүлүүчү натыйжа | Жоопту у |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Билим берүү процессин мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык берүүнү камсыздоо | 1. Мектептин окуу- тарбия берүү процессинин иш кагаздар системасын талапка ылайык иштеп чыгуу;<br>2. Мектептин окуу планынын, программаларынын ишке ашыруусун камсыздоо;<br>3. Мектептин методикалык бирикмесинин жана чыгармачыл топтун функцияларын кеңейтүү жана жоопкерчилигин көтөрүү;<br>4. Маалымат сайттарын даярдоо (коомчулукка ачык маалыматты берүү максатында );<br>5. Мониторинг жана баалоо системасын иштеп чыгуу<br>-окуучулардын жетишүүсүн үн.<br>-мугалимдердин ишмердүүлүгүнүн.;<br>6. Мектеп командасынын ишмердүүлүгүнүн камсыз кылуу; | Билим берүү процессин мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык берүүсү камсыздалат.<br><br>Окуучулардын билим алуу укугу камсыздалат.<br><br>Башкаруунун эффективдүүлүгү жогорулайт.<br><br>Окуучулардын негизги жана предметтик компеттентүүлүктөр өнүгөт. | Мектептин акимчилиги<br><br>Мектептин мугалимдер жамааты<br><br>Мектеп администрациясы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Жыл сайын отчет берүү.Көйгөйлөрдү аныктоо, муктаждыктарды жана керектөөлөрдү аныктоо.(Анкета , суроо, аңгеме ж.б)<br>7. Мектептин веб- сайтынын ишин улантуу;<br>8. 5-жылдын жетишкендиктерин жана көйгөйлорүн анализдөө , диагностикалоо.; | Маалымат ачык жана жеткиликтүү болот.<br><br>Балдар мектепке даяр келишет.<br><br>Жаңы 5-жылга максаттар аныкталат. | Чыгармачыл топ |
| 2 | Педагогикалык жамааттын эффективдүүлүгүн жогорулатуу. | 1. Мектептин администрациясы жана педагогикалык жамааты үчүн аттестациянын формасын иштеп чыгуу;<br>2. Жаңы муундагы стандарттар боюнча мугалимдерди квалификациялык курстардан өткөрүү;<br>3. Педагогикалык кадрлардын сапатын баалоонун так жана колдонууга кесиптик | Педагогикалык жамааттын эфективдүүлүгү жогорулайт. | Мектеп админстрациясы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | чеберчилик боюнча сынактарга катышуусун камсыз кылуу;<br>4. Педагогикалык жана методикалык кеңешменин мазмунун илимий методикалык, педагогика-психологиялык форматта өтүү;<br>5. Методикалык усулкана ишмердүүлүгүн камсыздоо, маалыматтык-коммуникативдик технологиялар инфратүзүмүн өнүктүрүү;<br>6.Жаш мугалимдер менен иштөө | | Мугалимдер жамааты<br>Чыгармачыл топ<br>Мектеп админстрациясы |
| 3 | Окуучулардын билим алууга кызыгуусун жана билим сапатын жогорулатуу,жеке өзгөчөлүгүн өстүрүү. | 1. Окуучулардын керектөөлөрүн , муктаждыктарын аныктоо, ага жараша ийримдерин ишмердигин камсыздоо;<br>2. Мектеп ичиндеги предметтик олимпиадалалардын сапатын жогорулатуу, предметтик олимпиадалардын тесттик китепчелерин даярдоо, тесттердин мазмунун ОРТ, PISA тесттерине ылайык түзүү;<br>3. Табигый илимдер боюнча | Окуучулардын билим алууга кызыгуусу пайда болот, билим сапаты жогорулайт | Мектеп админстрациясы<br>Предметтик мугалимдер |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | (химия, физика , биология) электрондук лабораториялык иштердин, практикалык материалдарды топтоо;<br>4. Табигый –илимий багыттардагы сабаттуулугунун ( STEM-предметтер боюнча) текстти окуунун жана түшүнүүнүн калыптанышын текшерүүчү – өлчөөчү материалдарды иштеп чыгу;.<br>5. ЖРТнын сапатын жогорулатуу үчүн кошумча окуу борборлору менен иш алып баруу;<br>6. Ар бир баланын шык-жөндөмдүүлүгүнө карата илимий изилдөө долбоорлоруна , интеллектуалдык марафон , сынактарга катыштыруу;<br>7. Көп тилдүү билим берүү программалары боюнча иш алып баруу. Кошумча орус тилдүү класс ачуу .Чет тилдер боюнча кошумча сабактарды уюштуруу;<br>8. Китепкананын ишмердүүлүгүн жакшыртуу, окуучуларга окуу | | Предметтик мугалимдер<br><br>Мектеп админстрациясы<br><br>Чыгармачыл топ |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | залын , электрондук китепканаларды уюштуруу, электрондук китептер менен камсыздоо;<br>9. Электрондук материалдарды колдонуу үчүн проектор, телевизорлор ж.б аркылуу кошумча окууларды уюштуруу;<br>10. Чет тилин окутуу үчүн лингафон кабинетин уюштуруу жабдуу;<br>11. Информатика кабинетине компьютер алуу , мультмедиялык класс ачуу;<br>12. "Электрондук күндөлүк", "Электрондук журнал" программалары боюнча иштөө;<br>13. География , тарых кабинеттерине карта, глобус алуу;<br>14. Спорт аянтчасын жакшыртуу;<br><br>-спорт инвентарлардын санын, сапатын, түрүн көбөйтүү. | | Мектеп админстрациясы<br><br>Мугалимдер жамааты<br><br>Уюштуруучу топ |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4 | Тарбиялоонун негизги принциптерин ишке ашыруу. | 1. Билим берүүнүн бардык баскычында тарбия алууга шарт түзүү;<br>2. Тарбиялоо иштеринин негизги багыттарын ишке ашыруу.Окуучулардын кызыгууларына жараша ийримдерди ачуу;<br>-бий ийрими;<br>-комуз;<br>-гитара ж.б<br>3. Мектеп спортун өнүктүрүү боюнча " мектеп лигасы" долбооруна катышуу.<br>-волейбол, футбол, теннис, шахмат, тогуз коргоол оюнун онүктүрүү;<br>-мектептин өзүн озү башкаруу уюмунун ишин колдоо жана өнүктүрүү;<br>-жаш милиция жардамчылары уюму менен иштөө; | Окуучулардын дени сак болот, спортко кызыгат. | Мектеп админстрациясы<br><br>Мугалимдер жамааты |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5 | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун сактоо экологиялык , санитардык-эпидемиологиялык жана гигеналык эрежелер жана чечимдер , өрткө каршы коопсуздук эмгекти коргоо жана коопсуздук техникалык эрежелери. | - Мектептин ашканасынын шартын жакшыртуу;<br>- Окуучулардын тамактануусун камсыздоо . Жаңы алма бак отургузуу;<br>- Мектепте жалпы коопсуздукту камсыздоо;<br>- Жарандык коргонуу боюнча окууларды өтүү;<br>- Техникалык , өрт , санитардык –гигиена коопсуздук боюнча инструктаж;<br>- Эмгекти коргоо иштерин уюштуруу;<br>- Мектепти, мектептин айланасын жашылдандыруу;<br>- Ремонт иштерин сапаттуу өткөрүү;<br>- Кышка даярдык көрүү; | | Мектеп админстрациясы<br><br>Мугалимдер жамааты<br><br>Мектеп админертациясы<br><br>Мугалимдер жамааты |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6 | Мектепке ата-энелерди , коомчулукту жана инвестицияларды тартуу.Материалдык – техникалык базаны чыңдоо. | 1. Ата-энелер , коомчулук менен бирдикте иш чараларды өткөрүү . "апам ,атам жана мен" спорт оюндары , "Канаттуулар биздин досубуз", "Бир адамдан бир китеп", "Бир адамдан 1 көчөт" ж.б;<br>2. Т үрткү берүүчү грант, облусттук, райондук өнүктүрүү фонду аркылуу ишке ашыруу;<br>-Көмүр складын оңдоп түзөө;<br>-Мектептин жылытуу системасын жаңыртуу;<br>-Спорт аянтчасын оңдоп түзөө;<br>-Электр системасын толугу менен алмаштыруу, жаңыртуу;<br>-Класс – кабинеттердин (ченемдүү)полдорун которуу;<br>-спорт залга душ уюштуруу;<br>-класс кабинеттерди,спорт залды, китепкана, | Мектепте жагымдуу шарт түзүлөт. | Мугалимдер жамааты<br><br>Мектеп админстрациясы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | ашкананы заманбап талапка ылайык жабдып туруу;<br>-мультимедиялык , компьютердик класстарды ачуу;<br>-видео көзөмөлдөөчү камераларды орнотуу ; | | |